ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезексиз жыйынынын №10 протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

2024-жылдын 23-апрели
Ош шаары, ЭМФ, 2-корпус, 201-каана
Төрайым – Р.А.Ысмаилова
Катчы – М.А.Исаева
Катышкандар: 14
Келбегени: 3

**Күн тартибинде:**

**3. Ар түрдүү маселелер**

2024-2025-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогун (КЭДди) талкуулоо жана сунуштоо.

**Угулду:**

Кафедра башчысы ф.и.к., доцент Р.Ысмаилова күн тартибинде каралуучу маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана элективдүү дисциплиналар каталогу боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу А.Маматова: – Биз **кесипке багытталган кыргыз тили** дисциплинасын сунуштайбыз. Бул дисциплинаны окутуунун максаты деп төмөнкүлөрдү белгилейбиз: өндүрүштүк практикада өз кебинде пайдалануу; жергиликтүү бейтаптар менен кыргыз тилинде баарлашуу; турмуш-тиричилик сөздөрүн өздөштүрүү; мамлекеттик тил катары тил билүү көндүмдөрүнүн туруктуу өнүгүүсүнө жетиштирүү. Аталган дисциплинанын пререквизити: кыргыз тили ал эми постреквизити: өндүрүштүк практика болуп саналат.

**Сөзгө чыкты:**

Улук окутуучу А.Гаипова: – **Кесиптик орус тили** дисциплинасын сунуштайбыз. Дисциплинанын максаты чет өлкөлүк медициналык студенттерди окутуунун кесиптик жана илимий байланыш чөйрөсүндө баарлашууга үйрөтүү үчүн иштелип чыккан. Пререквизити: орус тили, постреквизити: өндүрүштүк практика.

**Сөзгө чыкты:**

Окутуучу Акбар кызы Эркайым – Сунушталып жаткан дисциплина **кесиптик англис тили** Анын максаты: күнүмдүк, маданий жана кесиптик иш чөйрөлөрүндөгү социалдык-коммуникациялык маселелерди чечүү, андан ары өз алдынча билим алуу үчүн зарыл жана жетиштүү деңгээлде коммуникативдик компетенцияны өздөштүрүү болуп саналат. Пререквизиттери: англис тили, анатомия. Постреквизиттери: фармакология, клиникалык дисциплиналар, медициналык практика, педагогика.

**Сөзгө чыкты:**

Окутуучу Д.Салиева – **Заманбап медицинанын клиникалык терминологиясы** дисциплинасын сунуштайбыз. Дисциплинаны окутуунун негизги максаты: медициналык адистин терминологиялык компетенттүүлүгүнүн негиздерин түзүү, медициналык терминологияны (анатомиялык, клиникалык, фармацевтикалык) колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана даярдыгын жана этикодеонтологиялык принциптерди ишке ашыруу болуп саналат. Аталган дисциплинанын пререквизиттери: англис тили, анатомия, гистология. Постреквизиттери: патология, фармакология, клиналык дисциплиналар.

**Сөзгө чыкты:**

Окутуучу Т.Иманкулова: – **Саламаттыкты сактоодо коммуникация көндүмдөрү** дисциплинасын сунуштайбыз. Дисциплинаны максаты – эффективдүү, медициналык байланыш (жөнөкөй тарыхтан жаман кабарга чейин), анын ичинде жакшы пландаштыруунун принциптери, ошондой эле эмпатияны көрсөтүү жана татаал эмоционалдык жарылуулар менен күрөшүү. Пререквизиттери: анатомия, гистология, латын тили. Постреквизиттери: ички оорулар, хирургия, педиатрия.

**Сөзгө чыкты:**

Ф.и.к., доцент Г.Орунбаева – **Биоэтика** дисциплинасын КЭДге сунуштайбыз. Бул дисциплинанын максаты — медициналык коомчулукта моралдык-этикалык нормаларды, эрежелерди жана кесиптик жүрүм-турум принциптерин калыптандыруу. Пререквизиттери: психология жана педагогика, философия. Постреквизити: клиникалык дисциплиналар.

Ошондой эле **илимий изилдөөлөрдүн методологиясы** деген дисциплинасын да сунуштайбыз. Дисциплинанын максаты: медицина тармагындагы илимий-изилдөө ишинин теориялык жана методологиялык негиздери, принциптери жана ыкмалары жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу болуп саналат. Пререквизиттери: философия, тарых ал эми постреквизити: клиникалык дисциплиналар болуп саналат.

**Сөзгө чыкты:**

Ф.и.к., доцент М.Исаева – Биз **медицинадагы кесиптик пикир алышуунун психологиясы** дисциплинасын сунуштайбыз. Бул дисциплинанын максаты — студенттерге дарыгер менен бейтаптын (жаш өзгөчөлүгүнө карай) ортосундагы пикир алышуунун психологиялык аспектилери жөнүндө түшүнүк берүү, алган билимдерин өндүрүштө пайдалануу көндүмдөрүн калыптандыруу. Пререквизиттери: психология жана педагогика. Постреквизити: өндүрүштүк практика.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен кафедранын отуруму төмөнкүдөй

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. 2024-2025-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогу (КЭД) талкууланды деп эсептелсин.
2. 2024-2025-окуу жылы үчүн дарылоо иши адистиги (GM560001) боюнча кафедранын элективдүү дисциплиналар каталогуна кесипке багытталган кыргыз тили, кесиптик орус тили, кесиптик англис тили, заманбап медицинанын клиникалык терминологиясы, саламаттыкты сактоодо коммуникация көндүмдөрү, биоэтика, илимий изилдөөлөрдүн методологиясы, медицинадагы кесиптик пикир алышуунун психологиясы дисциплиналары сунушталсын (тиркеме тиркелет).

Төрайым: Р.А.Ысмаилова.

Катчы: М.А.Исаева.

2024-жылдын 23-апрели